DOI:10.26104/NNTIK.2022.40.85.079

*Темирова Б.Т., Курбаналиева Ж.Р.*

# «СЫНГАН КЫЛЫЧ» РОМАНЫНДАГЫ НҮЗҮП МЕНЕН МУСУЛМАНКУЛДУН ОБРАЗЫНДАГЫ УЛУТТУК ТАРЫХ ЖАНА КӨРКӨМ АҢДОО

*Темирова Б.Т., Курбаналиева Ж.Р.*

# ОТЕЧЕСТВЕННАЯ ИСТОРИЯ И ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ВОСПРИЯТИЕ В ОБРАЗЕ НУЗУПА И МУСУЛМАНКУЛА В РОМАНЕ «СЛОМАННЫЙ МЕЧ»

*B. Temirova, Zh. Kurbanalieva*

# DOMESTIC HISTORY AND ARTISTIC PERCEPTION IN THE IMAGE OF NUZUP AND MUSULMANKUL IN THE NOVEL «BROKEN SWORD»

*УДК: 821:512.154.*

*Макалада классик жазуучу Т.Касымбеков «Сынган кылыч» этаптуу романында кыргыз элинин Кокон хандыгы мезгилиндеги тарыхый, коомдук-социалдык, саясий, маданий турмушун панорамалуу чагылдырып, адам концепциясын Нүзүп менен Мусулманкулдун карама-каршылыктуу тагдырлары, мүнөздөрү аркылуу сүрөттөгөнү жана алардын образдарындагы тарыхый чындык менен көркөм чындыктын карым-катышы изилдөөгө алынды. Кыргыз адабиятында социалисттик реализмдин айлампасынан чыгып, улуттук көркөм аң-сезимдин өзүн-өзү таануу багытына бурган, тарыхый темага болгон жаңыча мамиле «Сынган кылычтан» башталды. Улуттук адабият үчүн романдагы чоң жаңылык адамды ачуу жана историзм принцибин чыгармачылык менен өздөштүргөндүгү болду. Тарыхый фигуралар Нүзүп бий менен Мусулманкул аталыктын образынын татаалдыгы, оң-терс сапаттары, күчтүү психологиясы менен трагедиясы диалектикалык кыймылда сүрөттөлгөнү анализденди. Доор, инсан, ишмердүүлүк, нравалуулук проблемасын чагылдыруудагы чеберчилиги жана каармандардын образын жаратууда тарыхый документтер менен көркөм ой жүгүртүүлөр гармонияда чоң жалпылоолорго көтөрүлгөнү автордун көркөм-эстетикалык ийгилиги катары белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *«Сынган кылыч» романы, тарыхый инсан, тарыхый окуя, көркөм чындык, психологизм, трагедия, документалдуулук, символ, мүнөз, чеберчилик.*

*В статье писатель-классик Т.Касымбекова эпический роман «Сломанный меч» панорамно описывает историческую, общественно-социальную, политическую и культурную жизнь кыргызов в период Коконского ханства, описывает человеческую концепцию через контрастные судьбы и характеры Нузупа и Мусулманкула, исследует соотношение между правдой исторической и правдой художественной в их изображениях. В кыргызской литературе, вырвавшейся из круговорота соцреализма и повернувшей национальное художественное сознание к самопознанию, с «Сломанного меча» начался новый подход к исторической теме. Большим новшеством в романе для национальной литературы явилось творческое овладение принципом открытости и историзма. В диалектическом движении проанализированы сложность, положительные и отрицательные качества, сильный психологизм и трагизм образа исторических личностей Нузуп бия и Мусулманул аталык. Художественно-эстетический успех автора был отмечен его мастерством в изображении эпохи, личности, деятельности, нравственной проблемы, а в создании образа действующих лиц исторические документы и художественные мысли были возведены в гармонию к большим обобщениям.*

***Ключевые слова:*** *роман «Сломанный меч», историческая личность, историческое событие, художественная реальность, психология, трагедия, документальность, символ, персонаж, мастерство.*

*In the article by the classic writer T. Kasymbekova, the epic novel «The Broken Sword» panoramically describes the historical, socio-social, political and cultural life of the Kyrgyz during the period of the Kokon Khaganate, describes the human concept through the contrasting fates and characters of Nuzup and Musulmankul, explores the relationship between the truth historical and artistic truth in their images. In Kyrgyz literature, which broke out of the cycle of socialist realism and turned the national artistic consciousness towards self-knowledge, a new approach to the historical theme began with The Broken Sword. A great innovation in the novel for national literature was the creative mastery of the principle of openness and historicism. In the dialectical movement, the complexity, positive and negative qualities, strong psychologism and tragedy of the image of historical figures Nuzup Biy and Musulmanul atalyk are analyzed. The artistic and aesthetic success of the author was marked by his skill in depicting the era, personality, activity, moral problem, and in creating the image of the characters, historical documents and artistic thoughts were brought into harmony to great generalizations.*

***Key words:*** *novel «Broken Sword», historical figure, historical event, artistic reality, psychology, tragedy, documentary, symbol, character, mastery.*

Залкар жазуучу Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романы кыргыз адабиятында этаптуу чыгарма. Автор тарыхый булактарга, архивдик материалдарга негиздеп, сынчыл көз караште чыгармачылык изденүү менен жазганы белгилүү. Сүрөткердин аттуулдук да, чыгармачылык да эрдиги улуттук тарыхтагы жасалма жазылган окуяларды, аны ичинде орус баскынчыларынын чыныгы жүзүн ачып берүүдө опол тоодой эмгек сиңирди. Тотолитардык системанын көркөм өнөрдө тарыхый адамдардын бейнесине арналган

таптык көз караштагы мамилесине каршы туруп, «Сынган кылычтагы» өз доорунун көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлери Нүзүп, Мусулманкул, Исках-Полот хан, Алымбек, Курманжан ж.б. образдары аркылуу кыргыз тарыхнаамасында инсантаануу багытына из калтырды. Жазуучу «Сынган кылычта» предмет болуп берген ошол тарыхый доордун мүнөзүн, коомдук түзүлүш табиятын, саясий, психологиялык, философиялык байланыштарын Нүзүп, Мусулманкул ж.б. образдары аркылуу чагылдырып берген. Чындыгында тарыхый чыгармаларда өзү жашаган доордун жүгүн көтөргөн, элдин турмушунда роль ойногон инсандардын образын жаратуу татаал маселе. Чыгармасында көрүнүктүү ишмерлердин бейнесин архивдик, документалдуу материалдарга негиздөө менен ар бирин өзүнө таандык тарыхый ордуна койгон. Ушул проблеманын айланасында жазуучу жараткан Нүзүп менен Мусулманкулдун образы кызыктуу, карама-каршылыктуу ары трагедиялуу мүнөзгө ээ.

«Сынган кылычта» Аксы бийи Нүзүп бардык тарабынан кеңири иштелип чыккан жеке тагдыры бар, татаал мүнөзгө ээ, эрки күчтүү, турмуштук тажрыйбасы бай, коомдук-саясий ишмердүүлүк масштабы чоң, алыстан калкайып көзгө көрүнүп турган жаркын образ. Каармандын фигурасы Шералини хандыкка көтөрүү сценасында, аталык, аскер башчылык ишмердүүлүгүндө, өлүм алдындагы кырдаалдын тегерегинде жандуу, ишенимдүү сүрөттөлөт. Нүзүп көрүнүктүү мамлекеттик ишмер катары Кокон хандыгында кыргыздардын арасынан алгачкы болуп «миң башылык» аскердик чинге жеткен тарыхый инсан. Ал табиятынан кыраакы адам, өзүнүн ички чөйрөсүндө жашоодо көрүп, практикалык тажрыйбага ээ болуп, бышып бүткөн эл башкаруучу. Ал Нүзүптүн образын жаратууда тарыхый факты менен изме-из сүрөттөө менен ойдон чыгаруусу да маанилүү роль ойноп турат. Тарыхый булактарда Нүзүп кыргыз төбөлдөрүнүн ичинде миңбашы наамын алган көрүнүктүү инсан болуп, Мадали ханга чейин ордодо кызмат өтөгөнү, Бухара падышасын Кокондон кууп чыгууда эрдиктери, Шералинин хан көтөрүлүшүндө ролу, таланттуу аскер башчысы экендиги, бийлик талашууда набыт болгону жазылып калган.

Ал эми Зиябидин Максымдын «Фаргана хандарынын тарыхы» аттуу кол жазмасында Жусуп миң башы (Нүзүп) Шералинин хандыкка алып келүүдө эмгеги чоң болгондугу, бирок ал кутум сөздөргө ишенип : «Эмне кылсаң өзүн бил!»- дегенде Шады миң башы Саид Алибек дасторкончуну жигиттери менен жиберип, Жусуп миң башыны куптан маалында дасторкон четинен карматтып өлтүрткөн» [3, 175-б.], - дейт. Тарыхчы В.Наливкин: «Нүзүп Маргаланга 1844-жылы жиберилген, Маткерим-Ясаул деген адам тарабынан өлтүрүлгөнүн» [5, 146-б.], - белгилесе, окумуштуу Ж.Алымбаев: «миң башыны Мусулманкулдун жигиттери Ярмазардагы Шахид Мазарына барып өлтүрүшөт. Бул окуя 1944-жылы болгон» [1, 7-б.], - деп жазат. Жогорудагы тарыхый фактыларга караганда Нүзүптү Шерали хан миң башчылыктан четтетип, Маргаланга аким кылып жөнөткөнү, көп өтпөй кутумдар тарабынан өлтүрүлгөнүндө тарыхый чындыктын изи жатат.

Жазуучу Нүзүптүн качантан бери жетсем деп умтулуп жүргөн бардык идеалы, жан-дүйнөсү кантип ачылууга тийиш экендигин кеңири көрсөтүүгө өзүнө жол таап алган. «Сынган кылычта» Нүзүптүн түшү эң күчтүү жазылган адабий табылга. Түш сырткы гана форма, аземдүү жасалга гана эмес, анын ичинде тарыхый жүрүштүн, доордун мүнөзүнө, бийлик, байлык кумарына, ушулардын айланасында сөзсүз түрдө болуп өтчү чындык белгилерге дал келчү өзөктүк салаалар жашайт Нүзүптүн образында бөтөнчө маани берип көңүл бурчу эки учур бар.

Биринчиси, жазуучунун адам жан-дүйнөсүнө терең кире билген психолог сүрөткердиги. Экинчиден, тарыхый инсандардын образын чагылдырууда Т.Касымбековдун элибиздин тарыхын терең билгендиги, өз улуттунун тарыхына чынчыл, адилеттүү мамилеси.

«Сынган кылычта» Нүзүп бийдин адамдык наркнасилин, саясий-коомдук деңгээлин, бийлик жүргүзө билүү жөндөмүн жана Шерали хандын мамлекетти башкарууда мажүрөөлүгүн ачып берүүдөгү «чокой» өткөндү унутпоо, тарыхый акыл-эстин жаңырыга катары ылакапка айланып калды. Баарынан мурда автор ойлоп тапкан көркөм ыкма чындык катары кабылданып, тарых чындыгына шайкеш келтирип, окурман аң-сезимине киргизип жиберүүгө жетишкени өзгөчө талант күчүнүн сыры болду.

Белгилүү окумуштуу К.Даутовдун олуттуу оюна кошулууга туура келет: «Ойду туюнтуунун формасы жагынан да финал эң сонун бүткөн. Биз алгач жолуккандан көрүп келаткан Нүзүп тубаса жердигинен кандай өткүр, кандай катуу, кандай бийик болсо, ошол табигый нускасында кетти. Ошол сын-турпат жан алынар кезде да сакталды» [2, 141-б.]. Чындыгында чыгармада Нүзүптүн бейнеси жандуу таасир жараткан, мезгилдин духун, тарыхый өнүгүүнүн тенденциясын көрсөтө алган, «көркөм имараттын бекем бир капталын түзүп турган чоң образ». Нүзүптүн образы ар тарабынан: тарыхый-социалдык, психологиялык, көркөмдүүлүк жактан абдан кылдаттык менен иштелген узак өмүрлүү каарман.

«Сынган кылыч» романында тарых барактарында калган Мусулманкул аталык татаал мүнөздүү ары трагедиялуу каарман. Ал коомдук аренага Нүзүп менен катарлаш чыгып, чоң турмуш сахнасында экөө бир учурда көрүнөт. Анын катаал тагдыры, психологиялык карама-каршылыгы, бийлик кумары, драмасы

өтө терең иштелип чыккан. Адамдарга жасаган мамилесинде, башкаруучулук ишмердигинде кыпчак элинин тээ тереңинде жаткан жан-дүйнө байлыгынын өтүмдүү белгилерин алып жүрөт.

Мусулманкулдун тарыхый тагдыры, саясий аренадагы орду, ишмердүүлүгү менен романдагы сүрөттөөгө алган окуялардын түздөн-түз байланышы бар. Нүзүп миңбашы өлтүрүлгөн соң, көп өтпөй ордо төңкөрүшүндө Шерали хан набыт болот. Мусулманкул Кудаярды хандыкка көтөрүп, өз кызын аялдыкка бергени, бийликте кыпчактар артыкчылыктарга ээ болгону, өзү каалагандай ордону башкарганы тарых барактарында жазылып калган. Натыйжада эр жеткен Кудаярхан Мусулманкулга каршы чыгып Коконд о өлтүрткөнү, кыпчак кыргыны тарых менен изме-из сүрөттөлөт. Мусулманкул аталыктын жеке тагдырын, саясий ишмердүүлүгүн тереңдеп ачып берүүдө романда чагылдырылган ордо оюнунда, ордодон качып чыгып, эмчектеши Алмамбет карыя, Абил бий, Бекназар баатырлар менен үңкүрдөгү жолугушуусунда, кыпчак кыргынында, өзүнүн кордолуп өлтүрүлүш сценасында анын жеке адамдык да, башкаруучулук тагдыры да ийинине жеткире сүрөттөлөн. Мусулманкул эмчектеш тууганы Алманбет карыянын хан казынасына киргизип чыкканы романда абдан кызыгуу менен окулчу барактарга кошулат. Т.Касымбеков адабий мурасында ошол кездеги турмуштук реалийлерден чыкпай, хан ордосундагы жалпы саясий атмосфераны бузбай, доор белгилерин сактап жазууга жетишкени абдан маанилүү.

Тарыхый маалыматтарга караганда Мусулманкул Кокондо Кудаяркан тарабынан дарга асылган. Ошол трагедияга күбө болгон Кудаярхандын катчысы Зиябидин Максым: «Кокондо Мусулманкулду он күн тактада отургузуп, он биринчи күнү жерге түшүрүп, Каримкул Мактар анан да башын алдырды» [3, 205-206], - дейт. Зиябидин Максымдын «Фаргана хандарынын тарыхы» эмгегинде Мусулманкулду «он күн тактада отургузуп» коюп, он күн бою көз алдында кыпчактарды кырышкан жүрөк титиреткен трагедия жазылган. Тарыхый чындыкка негиздеп Т.Касымбеков Мусулманкул аталыктын жана кыпчак трагедиясын улуттук көркөм сөз тажрыйбасында кездешпеген бийиктикте чагылдырып берген. Автор көкжал Мусулманкул аталыктын образын жаратууда тарыхый окуялар менен изме-из сүрөттөп, жеке пенделик да, коомдук ишмер катары да трагедиясын психологиялык тереңдикте мыкты иштеген. Автор тарых чындыгын туу тутуп жасаган мындай көркөм ачылышы уңгулуу сабак. «Сынган кылыч» элдик романга айланып, айрым каармандар лакап болуп кетти. Натыйжада залкар мурас бир кылымга жакын мезгил мейкиндик алкагында өткөн кыргыз тарыхый турмушунун өзүнчө бир көркөм энциклопедиясы катары таанылганы жалпыга маалым.

Көрүнүп тургандай, автордун кыялый ой жүгүртүүсүнөн жаралган кыпчак кыргынындагы «буудай» тарыхы жана Мусулманкулдун балага айткан керээз сөзү жазуучунун керемет адабий табылгасы. Бул окуя тарыхта чын болуп өткөндөй окурмандар арасында жандуу кабылданып, эчак эле лакап сөзгө айланып кеткен. Бирок Кудаяр хандай аксым, мыкаачы өкүмдардын кыргыны улуу кыпчак көчүн токтото албайт, кылым кыйырында түптүү эл бирде толуп, бирде бөксөрүп учугу улана бермекчи. А балким, мындан бир топ жыл кийин Кокон хандыгына каршы Исхак -Полот хандын козголоңу, ошол керээздин аткарылышынын туундусудур…

Автор каармандардын бейнесин жаратууда тарыхый чындык менен ойдон кошуулар гармониялык айкалышка келтирилип, чоң жалпылоолорго көтөрүлүп, адам табияттына ичкертен кирип, жаңыча ойлор, жаңыча көркөм каражаттар менен ачып бере алган. Чыгармада каармандар ички психологиялык мотивировкалар менен ийинине жеткире иштелген, образдын жана мүнөздүн кайталангыс өзгөчөлүгү, анын коомдук мааниси, турмуштагы ээлеген орду жеке өзүнө гана таандык белгилер менен ширетилген. Жазуучунун дагы бир чоң жаңылыгы- тарыхый чындык менен көркөм ой жүгүртүүнү абдан ийкемдүү колдонгону. Маселен, Нүзүптүн түшү, өлүм алдындагы сценасы, «Шералинин чокою» жана Мусулманкулдун трагедиясындагы «бийдай» тарыхы адамды ачуууда сүрөткердик талантынын сыры көркүнө чыккан.

Белгилүү адабий теоретик Л.И. Тимофеев: «вымысел представляет собой тот мост, благодаря которому обобщения художника переходят в индивидиуальные картины жизни не в то же время своего общего значения. Когда мы говорим о том что образ это обобщение, мы должны помнить, что это обобщение дается художникам в конечном счете, жизненность образа возникает благодаря богатству в нем индивидуальных черт, всякого рода деталей и жизненных подробностей, придающих ему характер случайного жизненного явления, живого факта жизни, каждая из этих подробностей само по себе может и не обладать обобщающим значением, но в целом все вместе они создают обобщенную картину жизни, как бы поступающую сквозь покров, индивидуального. Образ – это конкретная и в то же время обобщенная картина человеческой жизни, созданная при помощи вымысла» [6, 53-б.]. Илимий-теориялык эмгектерден көрүнгөндөй, «ойдон чыгаруу», «кайрадан жаратуу»- бул турмуш чындыгынан алыстоо дегендикке жатпайт, тескерисинче дал ушундай жол менен чындыктын не бир тереңдеги катмарлары ачылат. Турмуш чындыгы

менен көркөм апыртуу туш келди эле колдонула бербейт, сүрөткердик кылдат чеберчиликти талап кылат. Ошондуктан майда турмуштук фактылар искусствонун чоң чындыгына айланганып калгандыгы тууралуу адабий фактылар көп. Орус адабиятындагы классик жазуучу А.С. Пушкин, М.Н. Гоголь, Ф.М. Достоевский, Л.Н. Толстойдун айрым чыгармаларында географиялык жерлер реалдуу аттары менен аталат да, анан ошол жерде дегеле болбогон окуялар өтөт жана ал чөлкөмдө жашабаган адамдардын тагдырлары сүрөттөлөт. Маселен, Л.Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтык» эпопеясында Кутузов, Багратион, Наполеон сыяктуу тарыхый адамдардын катарында Пьер Безуховдой, Андрей Болконскийдей ойдон жаралган каармандар катышат. Дүйнөлүк адабияттын тарыхында Пьер Безухов классикалык каарман катары окурмандарга тарыхта жашап өткөн инсандай таасир калтырып, түбөлүккө өлбөс болуп жашап калган. Классикалык чыгармадагы реалдуу географиялык аймактарда ойдон чыгарылган окуялардын сүрөттөлүшү же тарыхый адамдар менен бирге көркөм апыртууга негизделген персонаждардын көрсөтүлүшү, тарыхта болбогон көрүнүштөрдүн берилиши баарыдан мурда сүрөттөөгө алган окуялардын тарыхый чындыгын терең жана толук ачууга багытталган. Кээде жүздөгөн тарыхый фактылар эч кандай маанилүү роль ойнобой, жазуучунун ойдон чыгарган бир окуясы, бир деталь, штрихи олуттуу жүк көтөрүп, чыгарманын көркөм наркын көтөрүп кетет.

Жыйынтыктап айтканда, тарыхый роман жалаң эле жылаңач материалдан куралбайт, ага кан жүргүзүп, жан киргизип, иш-аракетке салып, кыймылга келтирип, өң-түс берип көрктөндүрүп турган сүрөткердин оргуштаган таланты, образдуу ойлонуу күчү, көркөм туюнтуу каражаттарын ийкемдүү пайдалана билиши да маанилүү.

Сергек, баамчыл устат художник гана эң мүнөздүү, эң керектүү сапат белгилерди таап, тарыхый турмуш чындыгын сактай алат. Ырас, романда автордук кошумчалоо менен символикалык образдар колдонулуп жаткандан кийин көркөм шарттуулук белгилер да сөзсүз түрдө чыгарманын көркөм тканына, мазмунду ачууга бап келе калган көркөм формага аралашпай койбойт. Т.Касымбековдун чыгармасында жараткан көркөм-эстетикалык жаңылыгы тарыхый чындык менен көркөм чындыктын карым-катышын ширетип, гармонияда бериши.

Ошондой эле «Сынган кылыч»романы эне тилди үйрөнүүнүн окуу китеби болуп калды. Калемгер элдик тилдин казынасын байытып, кылдат стилист катары көрүндү. Т. Касымбеков дүйнөлүк классикалык адабияттын реалисттик салттарын мыкты өздөштүргөндүгү, улуттук көркөм сөз өнөрүн психологизм менен байытып, тарыхый роман жанрын жаңы сапаттык көркөм бийиктикке көтөрө алды.

**Адабияттар:**


1. Алымбаев Ж. Нүзүп бий.- Бишкек. «Шам», 2000. - 145 б.
2. Даутов К. Терeңдиктер жана бийиктиктер. - Фрунзе. «Кыргызстан», 1991. - 226 б.
3. Магзуни (Зиябидин Максым). Фаргана хандарынын тарыхы. – Бишкек: «Турар», 2007. – 275 б.
4. Касымбеков Т.Сынган кылыч. -Бишкек: Кыргызстан», 2000. - 712 б.
5. Наливкин В. Краткая история Кокондского. Казань, 1886.- 219 б.
6. Тимофеев Н. Основы теории литературы. Москва, «Наука», 1976. - 486-б.